Мага менден мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилди

Жабир бин Абдуллах (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мага менден мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилди : бир айлык аралыктан душмандарымдын жүргүндөгү коркунуч аркылуу жеңиш берилди. Жер бетинин баары мага намаз окуганга жарактуу жана тазаланганга жарактуу болду. Үммөтүмдөн ким кайсы жерде болсо, ошол жерде намазын окуй берсин. Мага олжо адал болду. Мага чейин эч кимге олжо адал эмес эле. Мага шапаат кылуу артыкчылыгы берилди. Мага чейинки пайгамбарлар өзүнүн гана элине жиберилсе, мен жалпы адам баласына жиберилдим".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе берилгенин кабарлайт: Биринчиси: Мени менен душмандарымдын аралыгы бир айлык сапар болгонуна карабастан, Аллах Таала алардын жүрөгүнө коркунуч салып, мага жардам (жеңиш) берди. Экинчиси: Жер бети бизге намаз окууга жарактуу болду. Кайсы жерде болсок ошол жерде намаз окуй беребиз. Ошондой эле суу жок учурда таямум кылганга жердин топурагы таза болду. Үчүнчүсү: Согуштан түшкөн олжолор да адал болду. Олжо деп, мусулмандар каапырлар менен согушуп жеңишке жетишкенде алардан калган мал-мүлккө айтылат. Төртүнчүсү: Адамдарды кыямат күнүнүн коркунучунан куткаруу үчүн шапаат кылуу артыкчылыгы берилди. Бешинчиси: Мен жалпы калайыкка, инсандарга да, жиндерге да пайгамбар болуп жиберилдим. Мурдагы пайгамбарларда андай болгон эмес. Алар ар кимиси өзүнө тиешелүү элине гана жиберилген.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3503